**2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы Чүй областынын Жайыл районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, муниципалдык ишканаларынын ишине жана республикалык бюджеттеги айрым мекемелердин бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттердин жыйынтыктары жөнүндө**

**Отчет**

**Аудит объектилери**

Аудит объектилери болуп – Чүй областынын Жайыл райондук мамлекеттик администрациясы, Жайыл районунун Өнүктүрүү фонду, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Жайыл финансы башкармалыгы, Жайыл районунун өз алдынча башкаруу органдары жана муниципалдык ишканалары эсептелет.

**Жооптуу тараптардын милдеттери**

Аудит субъектинин жалпы милдеттерине мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле, ушул аудиттин предметине болгон жоопкерчилик кирет.

**Аудит тобунун милдети**

Биздин милдет, биз жүргүзгөн аудиттин негизинде жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшү жана аткарылышы мыйзамдын талаптарына (аудиттин критерийлерине) ылайык келүүсү жөнүндө өз алдынча корутундуларга келүү болуп саналат. Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү жана тийиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөйлүк пикирине, анын ичинде алдамчылыктан же катадан улам олуттуу шайкеш келбей калуу тобокелдигине баа берүүдөн көз каранды. Аудит аткарылган аудитордук жол-жоболор шарттарга ылайыктуу жана алынган аудитордук далилдер бул отчетто баяндалган корутундулар үчүн негиз болуп берүү үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

**Предмети**

Аудиттин предмети болуп, жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу процесстеринин, ошондой эле, жергиликтүү бюджеттеги мекемелердин жана муниципалдык ишканалардын мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын талаптарына шайкештиги эсептелет.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Аудиттер шайкештик аудит үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда, ISSAI 400 жана ISSAI 100, ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы № 01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудитинин колдонмосуна жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2016-жылдын 20-декабрындагы №03-7/155 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жана анын аймактык бөлүнүштөрү тарабынан жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүү боюнча колдонмосуна ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык нормаларды сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык маанилүү аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу нормаларга ылайык келе тургандыгына негиздүү ишеним алуу үчүн, аудитти пландаштыруу жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача мүнөздөмөсү**

Аудиттерди жүргүзүүнүн негизи болуп, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылга аудитордук иш планы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн буйруктары саналат.

Аудиттер Жайыл райондук мамлекеттик администрациясында, Жайыл районунун Өнүктүрүү фондунда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Жайыл финансы башкармалыгында, Жайыл районунун **12** өз алдынча башкаруу органдарында жана **9** муниципалдык ишканаларында жүргүзүлгөн.

Аудиттер Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн бекитилген программасына ылайык, аудит объекттеринин кызмат адамдары тарабынан берилген документтердин, материалдардын, маалыматтардын негизинде жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 29-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, аудиттерди жүргүзүү үчүн аудитке берилген маалыматтар үчүн аудит субъекттеринин кызмат адамдары жоопкерчилик тартат.

**2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата, мурдагы аудиттин сунуштамаларынын аткарылышы**

2022-жыл мезгил аралыгына карата Чүй областынын Жайыл районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, айрым мекемелердин бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча аныкталган, бардыгы:

- финансылык бузуулар – **3 660,9миң сом;**
- бюджеттин резервдери жана жоготуулары – **7 982,3 миң сом;**
- рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар – **1 263,2 миң сом.**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары Жайыл райондук мамлекеттик администрациясынын коллегиясында каралган. Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 1852,9 миң сомго финансылык бузуулардын 1439,9 миң сом калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген 413,0 миң сом калган, анын ичинде:

- Красный-Восток айыл өкмөтү – 150,0 миң сом ("Кызыл-Суу" Ичүүчү сууну керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмесинин (ИСКАКБ) эсебине жергиликтүү бюджеттен электр энергиясы боюнча карыздарды төлөөгө которулган);

- Суусамыр айыл өкмөтү – 263,0 миң сом (жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалануу үчүн алынган акынын 1/3 бөлүгү жергиликтүү бюджетке которулган эмес).

**Жайыл районунун 2023-жылга социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү**

2023-жылдын (оперативдүү) жыйынтыгы боюнча өнөр жай өндүрүшүнүн продукциясы – 112 415,8 млн.сом түзгөн, бул 2022-жылдын деңгээлине карата 77,97 % түзгөн, жана негизги себеби – бул Аффинаждык заводдо негизги продукциянын өндүрүшүнүн төмөндөшү болуп эсептелет.

Кайра иштетүү Аффинаж өндүрүшүнүн көлөмүн эсепке албаганда, 2022-жылдын өндүрүш боюнча көрсөткүчтөрдүн деңгээлине салыштырмалуу 2023-жылы өндүрүлгөн продукциянын көлөмү 174,7% түзгөн.

2023-жылдын 12 айында тышкы соода жүгүртүү 50 783,9 миң АКШ долларын түзгөн, бул 2022-жылга салыштырмалуу 205,1% түзөт, анын ичинде экспорттун көлөмү 3690,8 миң АКШ долларга аткарылган, ошону менен бирге 2022-жылдын деңгээлине салыштырмалуу 41,2% түзгөн. Экспортко негизинен тамак-аш өнөр жай ишканалары, трикотаж, өсүмдүк өстүрүүчүлүк продукциялары – мөмө-жемиштер, чөптөр, мия тамыры, чеснок жиберилген.

Импорттун көлөмүнүн көрсөткүчү 47 093,1 миң АКШ долларын түзүп, 2022-жылга салыштырмалуу 298,2% түзгөн. Импорт көлөмү экспорттон 43 402,3 миң АКШ долларына көп болгон, жана импорттолуучу товарлар бул буудай, карагай, курулуш материалдары, химиялык концентраттар, лак-боёк материалдары жана башкалар.

Жайыл районунда иштеп жаткан кичи жана орто ишканалардын саны 36 даана, жана өндүрүштө 2228 адам иштеген. Иштеп жаткан жеке ишкерлердин саны 14372 адамды түзгөн (жеке жана жалданма эмгекти пайдалануу менен), дыйкан чарбаларынын саны 2786 (юридикалык жактар эсептебегенде).

Чакан жана орто ишканалардын өндүрүшүнүн көлөмү 2023-жылы 3 758,3 млн. сомго аткарылган, бул 2022-жылдын деңгээлине салыштырмалуу 162,5 % түзгөн.

Аффинаждык өндүрүштү эске албастан райондун товардык продукцияларынын жалпы көлөмүндө чакан орто бизнестин жана жеке ишкердиктин субъекттеринин өндүрүшүнүн салыштырма салмагы орто эсеп менен 63,8 % түзгөн.

2023-жылы чакан жана орто бизнес чөйрөсүндө 171 жумушчу орун түзүлгөн, 39 объект ишке киргизилген (2022-жылы - 110 жумушчу орун түзүлгөн, 7 объекти ишке киргизилген).

2023-жылы экономиканын формалдуу эмес секторунда 7217 жумуш оруну түзүлгөн, анын ичинде айыл чарбасында сезондук жумуш орундары – 5924 жумуш орун, иштетүү өнөр жайы – 20 жумуш орун, курулушта 717 жумуш орун, соодада – 256 жумуш орун, калгандары-102 жумуш орун түзүлгөн.

2023-жылдын 11 айында район боюнча негизги капиталга тартылган инвестициянын көлөмү 1 019,7 млн сомду түзгөн, анын ичинен тышкы инвестиция – 99,2 млн сом, ички инвестициялар – 919,9 млн. сомго тартылган. Негизги капиталга тартылган инвестициялардын көлөмү 2022-жылдын деңгээлине салыштырмалуу 103,0% түзгөн.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары социалдык инфраструктуранын объектилерин куруу жана оңдоо, калкты ичүүчү суу менен камсыздоо, аймактарды өнүктүрүү маселелерин чечүү үчүн инвестицияларды тартуу боюнча иштер жүргүзлүүдө. Жергиликтүү айыл аймактарында Чүй областынын өнүктүрүү фондусунан, райондук өнүктүрүү фондусунан, республикалык бюджеттен (дем берүүчү үлүштүк грант катары), АРИС, ДБ, Ас-Салам, Ас-Сафа фонддорунан жана башка булактардан каржыланган долбоорлорду ишке ашыруу камсыздалган.

**2023-жылга жергиликтүү бюджеттин аткарылышы**

Жайыл району боюнча 2023-жылы мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолу 1 621 297,8 миң сомду түзгөн, иш жүзүндөгү киреше 1 691 523,9 миң сомго аткарылып бекитилген пландан тышкары 70 226,1 миң сом түшүүсү камсыздалган, анын ичинен:

Республикалык бюджет – такталган болжол 1 2 84342,9 миң сомго бекитилсе, иш жүзүндө түшкөнү – 1 320 337,2 миң сомго камсыздалып, бекитилген план 102,8% аткарылган, же болбосо пландан тышкары 35 944,3 миң сом көп түшкөн.

Жергиликтүү бюджет боюнча план-божомолу 336 954,9 миң сомго пландалса, иш жүзүндө 371 186,7 миң сом түшүүсү камсыздалган, жана бекитилген план 110,2% аткарылып, пландан тышкары 34 231,8 миң сом түшкөн.

Айыл аймактары боюнча бюджеттин киреше бөлүгүнүн такталган план 167 763,7 миң сомго бекитилсе иш жүзүндө 171 157,2 миң сом түшкөн, же болбосо план 102,0% аткарылып, пландан тышкары 3 393,5 миң сом түшкөн.

Чүй областынын Жайыл районунда жүргүзүлгөн учурдагы аудиттерде **23 177,2 миң сом** финансылык бузуулар аныкталган *(аудиттин жүрүшүндө 1 933,4 миң сом калыбына келтирилген),* анын ичинен:

**110105** Бюджеттик мыйзамдын талаптарына бюджет долбоорунун киреше бөлүгүнүн туура келбеши – 8764,1 миң сом;

**210302** Бюджеттин кирешесине мажбурлап өндүрүлүүчү суммалардын (айып пулдары, конфискацияларды ж. б.), ошондой эле тиешелүү бюджеттин кирешесине каражаттарды калыбына келтирүүдөн (ордун толтуруудан) алынган суммаларды которбоо (өз убагында эмес же толук эмес которуу) – 54,7 миң сом;

**210305** Бюджетке милдеттүү төлөмдөрдүн чегерилбеши (өз учурунда эмес жана толук эмес чегерүү) – 344,8 миң сом;

**210306** Кайтарылма негизде алынган бюджеттик каражаттардын кайтарылбагандыгы же өз убагында кайтарылбагандыгы, кайтарылма негизде берилген бюджеттик каражаттарды (бюджеттик ссуданы же кредитти) пайдалангандыгы үчүн эсептелген пайыздардын чегерилбегендиги же өз убагында которулбагандыгы – 150,0 миң сом;

**230102** Башка булактардын каражаттарынын эсебинен жүргүзүлө турган чыгымдарды төлөө боюнча бюджеттик каражаттарды пайдалануу – 32,4 миң сом;

**230207** Курулуш-монтаждоо иштеринин наркын же көлөмдөрүнүн жогорулатылышы – 584,7 миң сом;

**230303** Кызматкерлердин эмгек акы төлөөлөр жана башка акчалай төлөмдөр боюнча ченемден ашыкча чыгымдар – 1019,0 миң сом;

**230305** ТМБ жана башка чыгымдар боюнча ченемден ашык чыгымдар – 201,2 миң сом;

**230306** ТМБ нормативден ашыкча запастары жана эсептөөлөрдөгү каражаттар – 1173,5 миң сом;

**310104** Негизги каражаттарды киришттөө тартибин бузуу, негизги каражаттардын эскиришин жана материалдык эмес активдерди эсептөөдөгү бузуулар. Белгиленген тартипте эсепке алынбаган, кириштелбеген мамлекеттик (муниципалдык) мүлктүн болушу – 203,0 миң сом**;**

**310106** Тастыктоочу документтерсиз товардык-материалдык баалуулуктардын жана мүлктүн эсептен чыгарылышы – 3,7 миң сом *(аудиттин жүрүшүндө толугу менен калыбына келтирилген);*

**410205** Эмгек акыны, командировкалык чыгымдарды, жөлөкпулдарды, компенсацияларды жана башка төлөмдөр менен байланышкан бузуулар – 2006,2 миң сом;

**410215** Дебитордук карызды эсепке алуу боюнча бузуулар – 2162,9 миң сом *(аудиттин жүрүшүндө 1825,0 миң сом калыбына келтирилген)*;

**410301** Эсеп жүргүзүү тартибинин жана отчеттуулуктун башка бузуулары – 1603,8 миң сом (аудиттин жүрүшүндө 104,7 миң сом калыбына келтирилген);

**510103** Мыйзамдардын талаптарына ылайык, конкурс өткөрүлбөстөн, сатып алуулар (товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү) – 4873,2 миң сом.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгында, төмөнкү жазылган жагдайларды кошпогондо, Чүй областынын Жайыл районунун төмөнкү мекемелеринин бюджеттеринин аткарылышы жана муниципалдык ишканалардын иштери, бардык олуттуу аспекттеринде, мыйзамдардын талаптарына шайкеш келгендиги аныкталды.

**Жайыл райондук мамлекеттик администрациясы боюнча**

2023-жылга чыгымдар сметасы 80 167,5 миң сомго бекитилип, 2023-жылдын ичинде 78 795,2 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 63 540,3 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 61 596,3 миң сомго аткарылган.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө кортунду:**

Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарын бузуу менен, 2024-жылдын 1-январына карата Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусунун **274,4 миң сомго** дебитордук карызы мамлекеттик администрациянын бухгалтердик балансында көрсөтүлбөй калган, же жашырылган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусунун жашырылган 274,4 миң сом дебитордук карызы эсеп боюнча калыбына келтирилгени эске алынсын. Мындан ары, дебитордук карызды эсепке алууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобосунун талаптары аткарылсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Ш. Кеңешов.

**Жайыл районунун Өнүктүрүү фонду**

2023-жылга бюджеттик каражаттар боюнча жалпы чыгымдар сметасы 35 400,0 миң сомго бекитилген, жыл ичиндеги өзгөртүүлөр менен сметалык чыгымдар 36 286,8 миң сомго такталган. Кассалык чыгымдар 34 094,9 миң сомду түзгөн жана накталай чыгымдардын жалпы көлөмү 1 466,6 миң сомду түзгөн.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө кортунду:**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-декабрындагы №541 "Республикалык бюджеттин оптималдаштыруу, чыгашаларын мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттик каражаттарды пайдалануусунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгынын 1 пунктунун 6-абзацынын “2022-жылдын 1-мартынан тартып министрликтердин, административдик ведомстволордун, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, аткаруу бийлигинин башка органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттик каражаттардын эсебинен, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечимдери менен демилгеленген сатып алууларды жана капиталдык оңдоону кошпогондо, кызматтык автотранспортту сатып алуусуна, административдик имараттарды, кызматтык жайларды капиталдык оңдоосуна тыюу салууну киргизүү" деген талаптарын бузуу менен Жайыл райондук архив кызматынын имаратын оңдоого 297,2 миң сомго долбоор тапшырылып, Өнүктүрүү фонду тарабынан 260,9 миң сом каржыланган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-декабрындагы №541 "Республикалык бюджеттин чыгашаларын оптималдаштыруу, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттик каражаттарды пайдалануусунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 16-январындагы № 20 токтому менен бекитилген Региондорду өнүктүрүү фонддору жөнүндө Типтүү жобонун талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор К. Чымылдаков.

**Ак-Башат айыл өкмөтү**

2023-жылга бюджеттин кирешелер бөлүгү активдер, милдеттемелер жана трансферттер менен 28 901,3 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 46 904,2 миң сомго такталган, кирешенин түшүүсү 51 376,7 миң сомго камсыздалып, план 109,5 % аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 27 301,3 миң сомго бекитилген, 2023-жылы 53 741,9 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 38 094,9 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 23 146,3 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын башына карата Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун (мындан ары – АЧЖМФ) жерлеринин ижара акы 1 335,2 миң сомду түзгөн, АЧЖМФнун жерлеринин ижарачылар менен түзүлгөн келишимдер боюнча ижара акысынын суммасы 3 180,3 миң сомду түзгөн, ал эми 2023-жылга АЧЖМФнун жерлерин ижарага берүүдөн түшкөн киреше такталган план боюнча 4 015,0 миң сомго бекитилип, жалпы план орто эсеп менен 500,0 миң сомго негизсиз төмөндөтүлгөн, жана бюджеттин жоготуулары болуп эсептелет.

2023-жылдын 1-январына карата айыл өкмөткө тиешелүү 917,7 га айыл чарба жерлери ижарага берүү боюнча 3 491,6 мии сомго келишимдер түзүлгөн. Бирок, 2023-жылы аталган категориядагы жерлерге ижара акылары бюджеттин киреше бөлүгүндө пландалган суммасы коюлган эмес, же болбосо аталган жерлерден түшө турган бюджеттин киреше боюнча божомол негизсиз 3 491,6 миң сомго азайтылган жана бюджеттин жоготуулары болуп эсептелет. Баардыгы болуп ижара акылары боюнча план **3 991,6 миң сомго** төмөндөтүлүп бекитилген.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөтүнүн жерлерин ижаралоо боюнча кирешелердин финансылык жылга план-болжолун ижара боюнча түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасын, ошондой эле өткөн жылдын аягына карата ижарачылардын дебитордук карыздарынын калдыгын эске алуу менен түзүлсүн..

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча Ак-Башат Айыл өкмөтүнө бекитилген социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасынын долбоорлору толук аткарылган эмес.

**Сунуштама**:

Мындан ары, бекитилген социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасынын долбоорлору толук аткарылуусу камсыздалсын.

3. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген Айыл өкмөтүнүн типтүү түзүмү жана штаттык санын бузуу менен, айыл өкмөтү тарабынан “Турак-жай кызматы” бөлүгүнө “Машыктыруучу” - штаттык бирдиги киргизилип, эмгек акы катары **211,0 миң сом** төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фонд төлөмдөрү 31,0 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Штаттык ырааттаманы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы № 52 токтому менен бекитилген “Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө” Жобого ылайык келтирилсин.

4. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 74-беренесин Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, кадрлар резервинде турбаган 5 жаран айыл өкмөтүнүн вакансия орундарына негизсиз ишке алынып, аларга **543,3 миң сом** эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фонд төлөмдөрү 79,9 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодекси жана Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамы жетекчиликке алынсын.

5. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманы бузуу менен, жылдын аягына карата **58,1 миң сомго** көмүрдүн нормативден ашыкча запастары калдыкта калган.

**Сунуштама**:

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптары так сакталсын.

Көмүр боюнча 58,1 миң сомго нормативден ашыкча запастары кийинки жылга каржылоодо эсепке алынсын.

6. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Автоунааларга жазылуучу жолдомо кагаздар толтурулган, унаалардын спидометрлери иштебегендиктен, сарпталган каражаттын негиздүүлүгүн жана тууралыгын аныктоо мүмкүн болгон жок.

**Сунуштама:**

Автотранспорт каражаттарынын спидометрилери жумушчу абалга келтирилсин. Мындан ары, күйүүчү майларды чыгыштоодо, Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникациялар Министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген “Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын» Эрежелеринин талаптары так сакталсын.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылы 206 га боюнча 30 ижара келишимдерин кайра түзүү жана мөөнөттөрүн узартуу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы № 243 токтому менен бекитилген "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу", Типтүү жобонун талаптарын бузуу менен жүргүзүлгөн.

Ошондой эле, 2019-жылы Ак-Башат айыл кеңеши тарабынан бекитилген АЧЖМФнун жерлерин пайдалануу боюнча Келечек планын бузуу менен, 2023-жылы АЧЖМФнун жерлеринин ижара келишимдери толугу менен конкурстук иш чаралар жүргүзүлбөй, 33 тикелей келишимдер менен ижарага берилген. Ижара акылардын конкурска коюлуучу баштапкы баасы Жер комиссиясы (3 кишиден кем эмес жергиликтүү кеңештин депутаттары, ошондой эле айыл чарбасы чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын өкүлү кирген 7 кишиден кем эмес) тарабынан бекитилген эмес. Мындан тышкары, Ак-Башат айыл өкмөтүнүн жетекчилиги тарабынан өз алдынча туруктуу коюлган, тиешелүү конкурстар жүргүзүлбөй, шарттуу түрдө коюлган ижара акылары минималдык (ижара акысынын баштапкы же болбосо туруктуу өлчөмүн белгилебей) көлөм менен келишимдер түзүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, АЧЖМФнун жерлерин ижарага берүү иш чаралары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы № 243 токтому менен бекитилген "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу" Типтүү жобонун жана Ак-Башат айыл кеңеши тарабынан бекитилген АЧЖМФнун жерлерин пайдалануу боюнча Келечек планынын негизинде аткарылсын.

**8. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын ичинде Ак-Башат айыл өкмөтүнө караштуу бирок ээлери тарабынан иштетилбеген жеке менчик айыл-чарба жерлеринин ижара төлөмдөрү катары 3 491,6 миң сомдун ордуна болгону 876,6 миң сом түшкөн, же болбосо баардык келишимдердин 25,1% түшкөн, жана 2 615,0 миң сом карыз катары калган.

**Сунуштама**:

Ак-Башат айыл өкмөтүнүн киреше бөлүгүн көбөйтүү макасатында, 2023-жылдан калган 2 615,0 миң сом ижара төлөмдөр карыздарын чогултууга айыл өкмөтү тарабынан натыйжалуу иш чаралар жүргүзүлсүн.

**9. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**:

Ак-Башат айыл өкмөтүнүн айыл кеңеши бекитип берген нормаларга ылайык, 2023-жылы айыл өкмөттүн каражаттарынын эсебинен тамак-аштын коротулуусу 1 020,0 миң сомон ашпашы керек эле, бирок 2023-жылдын жыйынтыгы менен айыл өкмөттүн бюджетинин эсебинен коротулган тамак аштын баасы 1 204,0 миң сомду түзгөн, же болбосо Ак-Башат айыл кеңешинин токтомдорун бузуу менен, бюджеттин эсебинен сатылып алынган тамак аштын нормадан тышкары котороутулган баасы **180,0 миң сомду** түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, балдар-бакчаларына, бюджеттик каражаттардын эсебинен сатылып алынган тамак-аш, Ак-Башат айылдык кеңеш бекитип берген нормалардын негизинде чыгышталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор М. Сакиев.

**"Ак-Башат-Тазалык" муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Ак-Башат айыл өкмөтү)

2023-жылга карата жергиликтүү салык органдарына тапшырылган отчетторго ылайык, 2023-жылы "Ак-Башат-Тазалык" МИ салык декларациясын салык салынуучу киреше жок деп тапшырылган, ошону менен бирге, кирешеден чыгарып салууга тийиш болгон чыгымдардын суммасы 69,9 миң сомду түзүп, 2023-жылдын жыйынтыгы 69,9 миң сомго чыгаша көрсөтүлгөн, же болбосо 2023-жылдын жыйынтыгы менен Ишкана 69,9 миң сомго зыян менен аяктаган.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылы “Ак-Башат-Тазалык” МИ бухгалтердик эсеп-учеттун абалы канааттандыраарлык эмес, жана бухглатердик эсеп-кысаптын документтери бухгалтердик биринчилик документтердин деңгээлинде кана жүргүзүлгөн. “Ак-Башат-Тазалык” МИ 2023-жылга бухгалтердик эсеп-счеттун документтери, отчеттору, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы № 609 токтому менен бекитилген “Чакан ишкердик субъекттеринин бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүүсүнүн” Эрежелерине жооп бербейт, жана “Ак-Башат-Тазалык” МИ жетекчилиги жана бухгалтериясы тарабынан ишмердүүлүк жөнүндө тиешелүү отчеттор түзүлгөн эмес (аудитке берилген жок), тактап айтканда кирешелер жана чыгашалар жөнүндө, акча каражаттардын кыймылы жөнүндө, капиталдын кыймылы жана башка отчеттор түзүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

“Ак-Башат-Тазалык” МИ 2023-жылга бухгалтердик эсеп-счеттун документтери, отчеттору, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы № 609 токтому менен бекитилген “Чакан ишкердик субъекттеринин бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүүсүнүн” Эрежелерине ылайык калыбына келтирилсин, жана ишмердүүлүк жөнүндө тиешелүү отчеттор түзүлүп, кирешелер жана чыгашалар жөнүндө, акча каражаттардын кыймылы жөнүндө, капиталдын кыймылы жана башка отчеттор аткарылсын.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 253-беренесин бузуу менен, 919,9 миң сомго көрсөтүлгөн кызматтарбан түшкөн кирешеден **110,4 миң сом** (12% өлчөмүндө) КНС төлөнбөй калган.

**Сунуштама:**

2023-жылдын ишмердүүлүгү боюнча Кыргыз Республикасынын Салык кызматынын жергиликтүү башкармалыгына тапшырылган салык отчеттулугуна, 2023-жылы накталай түшкөн кирешелерди эске алуу менен толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизилип, кайрадан такталган салык отчеттору тапшырылсын.

Мындын ары Ишкананын ишмердүүлүгү боюнча накталай кирешелер жана чыгашалар жөнүндө тапшырылуучу отчеттуулук Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин талаптарын сактоо менен тапшырылуусу камсыздалсын.

3. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылы, Ишкана тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы № 281 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү” Тартибинин 15-пунктусун бузуу менен, Тартиптеги 4-тиркемеге ылайык келбеген кассалык китеп, мектеп дептеринде ачылып, накталай акча каражаттардын кириш-чыгыш кыймылдары дептердин барактарында чагылдырлган, жана кассалык китептеги жыйынтык суммалар чагылдырылбай, каражаттардын кириш-чыгыш кыймылы 2023-жылдын март айынан июль айына чейин бир баракта кана чагылдырылган.

**Сунуштама:**

Каассалык операциялар, накталай акча каражаттарынын эсеби жана жүгүртүлүүсү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы № 281 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү” Тартибинин талаптарына ылайык аткарылсын.

4. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылы эмгек келишимдерин негизинде аткарылган жумуштардын акысын эсептеп төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 168-беренесин бузуу менен **33,1 миң сомго** киреше салыгы кармалбай, жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы № 385 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө”

Нускаманын талаптарын бузуу менен **40,1 миң сом** Социалдык фонд төлөмдөр кармалбастан төлөнгөн, анын ичинде:

- Закиров А. – т киреше салыгы 3,2 миң сом, жана 3,6 миң сомго социалдык төлөмдөр кармалган эмес;
- Акылов Н. – электр чырактарын оңдогонго – 24,0 миң сом төлөнгөн, киреше салыгы 2,1 миң сом жана социалдык төлөмдөр 2,4 миң сом кармалган эмес;
- Есенин Д. – бак-дарактарды кесүүгө – 86,4 миң сом төлөнгөн, киреше салыгы 7,7 миң сом жана социалдык төлөмдөр 8,6 миң сом кармалбай калган;
- Мурсатаев А. - бак-дарактарды кесүүгө – 86,4 миң сом төлөнгөн, киреше салыгы 7,7 миң сом жана социалдык төлөмдөр 8,6 миң сом кармалбай калган;
- Калманбетов Т. – бак-дарактарды акилегенге – 10,0 миң сом төлөнгөн, киреше салыгы 0,8 миң сом жана социалдык төлөмдөр 1,0 миң сом кармалбай калган
- Акылов Н. – электр чырактарын оңдогонго – 32,3 миң сом төлөнгөн, киреше салыгы 29,2 миң сом жана социалдык төлөмдөр 3,2 миң сом кармалган эмес;
- Гуляев О. - бак-дарактарды кесүүгө – 86,4 миң сом төлөнгөн, киреше салыгы 7,7 миң сом жана социалдык төлөмдөр 8,6 миң сом кармалбай калган;
- Диденко В. – бак-дарактарды кулатууга, дүмүрлөрдү алып таштоого – 40,7 миң сом төлөнгөн, киреше салыгы 3,9 миң сом жана социалдык төлөмдөр 4,1 миң сом кармалган эмес.

**Сунуштама:**

33,1 миң сомго киреше салыгы жана 40,1 миң сом социалдык төлөмдөр кармалып, тиешелүү бюджеттерге которулсун, анын ичинен:

- Закиров А. – киреше салыгы 3,2 миң сом, жана социалдык төлөмдөр 3,6 миң сом;
- Акылов Н. –киреше салыгы 2,1 миң сом жана социалдык төлөмдөр 2,4 миң сом;
- Есенин Д. – киреше салыгы 7,7 миң сом жана социалдык төлөмдөр 8,6 миң сом;
- Мурсатаев А. киреше салыгы 7,7 миң сом жана социалдык төлөмдөр 8,6 миң сом;
- Калманбетов Т. – киреше салыгы 0,8 миң сом, жана социалдык төлөмдөр 1,0 миң сом кармалбай калган

-Акылов Н. – киреше салыгы 29,2 миң сом жана социалдык төлөмдөр 3,2 миң сом;

-Гуляев О. - киреше салыгы 7,7 миң сом жана социалдык төлөмдөр 8,6 миң сом;

-Диденко В. - киреше салыгы 3,9 миң сом жана социалдык төлөмдөр 4,1 миң сом.

Мындан ары, эмгек акыларды эсептеп төлөөдө Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы № 385 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптары так сакталсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун Типтүү тартибинин талаптарын бузуу менен, каражаттарды эсепке берүү жолу менен **919,9 миң сомго** кызматтар (эмгек келишими менен) жана ТМБ сатылып алынган.

**Сунуштама:**

Мындан ары мамлекеттик сатып алуулар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун Типтүү тартибинин талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор М. Сакиев.

**Жайыл айыл өкмөтү**

2023-жылга бюджеттин кирешелер бөлүгү активдер, милдеттемелер жана трансферттер менен 9 341,8 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 18 322,8 миң сомго такталган, кирешенин түшүүсү 18 145,3 миң сомго камсыздалып, план 99,0 % аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 8 581,8 миң сомго бекитилген, 20 430,3 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 18 142,2 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 16 745,3 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин 4-бөлүгүнүн талаптарын бузуу менен, айылдык кеңештин 2023-жылдын 3-февралындагы №3 токтомуна жыл ичинде 7 жолу өзгөртүүлөр киргизилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жергиликтүү бюджетти бекитүүдө, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинде белгиленген мөөнөттөр так сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 74-беренесин, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 16-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, 2 кызматкерге убактылуу айкалыштырып иштеген жана аларга вакантттык кызмат ордун убактылуу аткаргандыгы үчүн **130,6 миң сом** эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фонд төгүмдөр 19,2 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**:

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси жана Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамы жетекчиликке алынсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманы бузуу менен, жылдын аягына карата **135,8 миң сомго** көмүрдүн нормативден ашыкча запастары аныкталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускамасынын талаптары так сакталсын.

Көмүр боюнча 135,8 миң сомго нормативден ашыкча запастары кийинки жылга каржылоодо эсепке алынсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын 1-январына кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринин ижарасы боюнча карыз 181,1 миң сомду түзгөн. 2023-жылы 92 ижарачылар менен түзүлгөн келишимдер боюнча ижара акысынын суммасы 5 240,7 миң сомду түзгөн, ижарага берүүдөн түшкөн киреше план боюнча 1 005,0 миң сомго бекитилип жана 5 251,6 миң сомго такталган, ошентип жалпы план **170,2 миң сомго** негизсиз төмөндөтүлгөн, жана бюджеттин жоготуулары болуп эсептелет.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөтүнүн кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринин ижара акы кирешелердин финансылык жылга план-болжолун ижара боюнча түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасын, ошондой эле өткөн жылдын аягына карата ижарачылардын дебитордук карыздарынын калдыгын эске алуу менен түзүлсүн.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын 1-январына АЧЖМФнун жерлеринин өндүрүлбөй калган ижара акылары 181,1 миң сомду түзгөн. 2023-жыл ичинде 5 157,7 миң сомго ижара келишимдер түзүлгөн жана 3 894,6 миң сом ижара акы өндүрүлгөн. 2024-жылдын 1-январына карата өндүрүлбөй калган ижара акынын суммасы 1 444,2 мин сом же болбосо айыл өкмөтү тарабынан ижара акыны өндүрүү боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлбөгөндүктөн ижара боюнча карыздар 1 263,1 мин сомго көбөйгөн.

**Сунуштама:**

АЧЖМФнун жерлеринин ижара акысы, анын ичинде айыптык санкциялар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын 1-январына карата калктуу конуштарда, жерлердин ижара акысы боюнча карыздар 580,6 миң сомду түзгөн. 2023-жылга ижарачылар менен 295,0 миң сомго келишимдер түзүлгөн, киреше планы 140,0 миң сомго бекитилип жана 140,0 миң сомго такталган, же болбосо киреше бөлүгү **735,6 миң сомго** негизсиз төмөндөтүлгөн.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөтүнүн жерлерин ижаралоо боюнча жана мүлк салыгы боюнча кирешелердин финансылык жылга план-болжолун ижара боюнча түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасын, ошондой эле өткөн жылдын аягына карата ижарачылардын дебитордук карыздарынын калдыгын эске алуу менен түзүлсүн.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын 1-январына калктуу конуштардын жерлерин ижара акы боюнча карыз 580,6 миң сомду түзгөн. 2023-жыл ичинде 182,0 миң сом ижара акы түшкөн. 2023-жылдын 31-декабрына карата айыл өкмөтү тарабынан ижара акыны өндүрүү боюнча иштиктүү иш-чаралар көрүлбөгөндүктөн өндүрүлбөй калган ижара акынын суммасы 693,6 мин сомду түзгөн же 113,0 миң сомго көбөйгөн.

**Сунуштама:**

Калктуу конуштардын жерлеринин ижара акысы, анын ичинде айыптык санкциялар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**8. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсепке алуу жөнүндө" Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын бюджеттик мекемелерде бухгалтердик эсепке алууну уюштуруу жөнүндө" Жобонун талаптарын бузуу менен, айыл өкмөтү тарабынан түзүлгөн жылдык бухгалтердик баланста (3-к түшүндүрмө каттын тиркемесинде) көмүрдүн калдыгы 341,0 миң сом көрсөтүлгөн болсо, айыл өкмөтүнүн баштапкы документтерине жана маалыматына ылайык калдыктагы көмүрдүн баасы 1 807,7 миң сомду түзгөн, же болбосо жылдык баланс жана Форма №2-отчетто **1 466,7 миң сомго** айырма бар. Аудит учурунда айыл өкмөтүнүн бухгалтериясы тарабынан бухгалтердик тузөтүүчү проводка берилип таш көмүрдүн калдыгы №6 мемориалдык ордерге көрсөтүлүп эсепке алынган.

Ошондой эле Форма №2-отчетунда 2111, 2121 жана 2215-беренелер да баштапкы бухгалтердик документтер менен дал келбей, айырмачылыктар бар. Айыл өкмөтүнүн финансы-каржы бөлүмүнүн башчысынын түшүнүк катында отчеттогу цифралар туура эмес жазылып калгандыгы менен түшүндүрүлгөн. Айыл өкмөтүндө отчеттор мемориалдык-ордерлик ыкма менен жүргүзүлгөн, 1С программасы колдонулган эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, айыл өкмөтүндө бухгалтердик эсепке алуу жана отчеттуулук Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бектилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарына ылайык так жүргүзүлсүн.

**9. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**:

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте “Аленушка" бала бакчасынын аймагына көмүр бастырмасын куруу боюнча” подрядчы "АИЗО" тарабынан **17,9 миң сомго** жумуштардын наркы жогорулатылган. Бул сумма аткарылган иштердин актысына салыкты туура эмес киргизүүнүн эсебинен табылган.

**Сунуштама**:

Аудитте аныкталган “Аленушка" бала бакчасынын аймагына көмүр бастырмасын куруу боюнча” подрядчы "АИЗО" тарабынан 17,9 миң сомго жумуштардын жогорулатылган наркын өндүрүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторло М. Нуранов, А. Мусуралиев.

**“Жайыл таза Аймак” муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Жайыл айыл өкмөтү)

2023-жылга киреше жана чыгаша булактары алдын ала божомолдонуп киреше планы 5 883,0 мин сомго бекитилген, ал эми аткарылышы 5 020,1 мин сомго аткарылган же бекитилген планга салыштырмалуу 862,9 мин сомго аз, же 85,3% түзөт.

2023-жылдын башына ишкананын жалпы калдык акчасы 62,2 миң сомду түзгөн. “Жайыл Таза Аймак” муниципалдык ишканасынын 2023-жылга карата жалпы анык кеткен чыгашасы берилген маалыматтарга ылайык 4 914,8 мин сомду түзгөн, жылдын аягына 167,5 миң сом калдык калган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында чарбакер субъектердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү” Тартибинин талаптарын бузуу менен, 2023-жылы декабрь айында муниципалдык ишкана тарабынан банктык эсептен чек аркылуу **203,0 миң сом** накталай акча каражаты алынып, бирок ишкананын кассасына кириштелбей, түздөн-түз чыгымдалган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, ишкананын кассасынын накталай акча каражаттарын айлантуу жана эсепке алуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында чарбакер субъектердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү” Тартибинин талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылдын башына ишкананын ичүүчү суу менен камсыздоо үчүн кызмат акы боюнча 569,5 мин сом дебитордук карыз болсо, 2023-жылдын аягына ичүүчү суудан 555,7 миң сом жана турмуш тиричилик калдыктарын чыгаруудан 118,4 мин сом дебитордук карыздар болгон. Жалпысынан жылдын аягына дебитордук карыздар 674,1 миң сомду түзүп жыл башына салыштырмалуу 104,6 миң сомго көбөйгөн.

**Сунуштама:**

Ичүүчү суу менен камсыздоо үчүн кызмат акы боюнча анын ичинде айыптык санкциялар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бектилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун” Типтүү тартипти бузуу менен, **879,1 миң сомго** ТМБ накталай акча каражаттарга сатылып алынган.

**Сунуштама**:

Мындан ары, товардык материалдык баалуулуктарды жана кызматтарды сатып алуулар, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген «Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон

чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун» Типтүү тартибинин талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор М. Нуранов.

**Кара-Суу айыл өкмөтү**

2023-жылга бюджеттин кирешелер бөлүгү активдер, милдеттемелер жана трансферттер менен 12 274,7 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 15 379,7 миң сомго такталган, кирешенин түшүүсү 16 122,9 миң сомго камсыздалып, план 104,8% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 12 012,2 миң сомго бекитилген, 15 787,1 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 14 920,9 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 14 256,0 миң сомду түзгөн.

**1.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 163-беренесинин талаптарын бузуу менен, статист Б. Молдокуловдун эмгек акысынан **5,7 миң сом** ашыкча кармалгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, айлык акылардан киреше салыгын кармоодо Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин талаптары так аткарылсын, жана негизсиз ашыкча кармалган 5,7 миң сом киреше салыгы Б. Молдокуловго төлөнүп берилсин.

**2.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарын бузуу менен, 2024-жылдын 1-январына карата Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусунун **24,9 миң сомго** дебитордук карызы айыл өкмөттүн бухгалтердик эсепте көрсөтүлбөй калган, же жашырылган.

**Сунуштама:**

Социалдык фонд төгүмдөр боюнча 24,9 миң сом дебитордук карыз эсепке алынсын. Мындан ары, дебитордук карызды эсепке алууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобосунун талаптары аткарылсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

АЧЖМФнун жерлерин ижара акыларын өндүрүү боюнча тийиштүү иш-чаралар жүргүзүлбөгөндүгүнө байланыштуу, 26 ижарачы тарабынан жалпы суммасы ижара акысы 105,8 миң сом айыл өкмөттүн эсебине төлөнгөн эмес.

**Сунуштама:**

АЧЖМФнун жерлеринин ижара акысы, анын ичинде айыптык санкциялар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте "Кара-Суу айылындагы орто мектептин фасадын оңдоо" боюнча подрядчы "Внешторгпромстрой" ЖЧКсы тарабынан **15,0 миң сомго** жумуштардын наркы жогорулатылган. Бул сумма материалдарды кымбаттатуу беренеси боюнча аныкталган.

**Сунуштама**:

Аудитте аныкталган "Кара-Суу айылындагы орто мектептин фасадын оңдоо" боюнча подрядчы "Внешторгпромстрой" ЖЧКсы тарабынан 15,0 миң сом суммасында жумуштардын жогорулатылган наркын өндүрүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор А. Омурсаков, А. Мусуралиев.

**Красный-Восток айыл өкмөтү**

2023-жылга бюджеттин кирешелер бөлүгү активдер, милдеттемелер жана трансферттер менен 15 711,6 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 22 001,4 миң сомго такталган, кирешенин түшүүсү 23 844,5 миң сомго камсыздалып, план 108,4% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 13 416,6 миң сомго бекитилген, 22 402,7 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 16 294,2 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 15 087,7 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө кортунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес, тактап айтканда жергиликтүү бюджеттин эсебинен Кызыл-Суу" Ичүүчү сууну керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмесинин (ИСКАКБ) эсебине 150,0 миң сом электр энергиясы боюнча карыздарды төлөөгө которулган акча каражаттар кайрадан кайтарылган эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Мындан ары, жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын талаптары так аткарылсын. 150,0 миң сомду калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн (Кызыл-Суу" Ичүүчү сууну керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмесинин (ИСКАКБ) эсебине электр энергиясы боюнча карыздарды төлөөгө которулган акча каражаттар).

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө кортунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 74-беренесин жана Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат ордуна кадрлардын резервинде турбаган 6 кызматкер кабыл алынган жана аларга **431,6 миң сом** эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фонд төлөмдөрү 63,5 миң сомду тузгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси жана Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамы жетекчиликке алынсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө кортунду:**

2023-жылдын ичинде айыл өкмөт тарабынан салык түрүндө 478,1 миң сом которулган, ошону менен бирге жылдын ичинде салык төлөмдөрү катары 297,8 миң сом эсептелген, же бобосо салык боюнча ашыкча 180,3 миң сом которулган, бирок Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарын бузуу менен, айыл өкмөттүн баланстык отчетунда **180,3 миң сом** ашыкча төлөм дебитордук карыз катары көрсөтүлгөн эмес, же жашырылган.

Аудит учурунда айыл өкмөттүн башкы бухгалтери тарабынан 180,3 миң сомго бухгалтердик жүгүртүү аткарылып, 2024-жылдын башына карата баланстык отчетко дебитордук карыз катары ордуна коюлуп, Кыргыз Республикасынын Салык кызматынын Жайыл башкармалыгы менен Красный-Восток айыл өкмөтүнүн ортосунда макташуу актысы түзүлгөн.

**Сунуштама:**

Аудит учурунда 180,3 мин сомго дебитордук карыз эсеп боюнча калыбына келтирилгени эске алынсын. Мындан ары, дебитордук карызды эсепке алууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу

менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобосунун талаптары аткарылсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө кортунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агентигинин алдындагы Шаар куруу жана архитектура мамлекеттик долбоорлоо институтуна, Красный-Восток айыл өкмөтү эки айылдын башкы планынын проектисин чийдирүү үчүн, жергиликтүү бюджетин эсебинен 2023-жылы жалпы 1200,7 миң сом которуп берген, бирок аталган институт айыл өкмөткө 2023-жылдын аягына чейин кызмат көрсөткөн эмес.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарын бузуу менен, бүгүнкү күнгө чейин институт тарабынан отчеттор, аткарылган жумуштун жөнүндө актылар айыл өкмөткө тапшырылган эмес, ошону менен бирге айыл өкмөттүн баланстык отчетунда **1 200,7 миң сомго** дебитордук аласа карызы катары көрсөтүлгөн эмес, же жашырылган.

Аудит учурунда Красный-Восток айыл өкмөтү менен Шаар куруу жана архитектура мамлекеттик долбоорлоо институтунун ортосунда өз-ара эсептешүү актысы түзүлүп, айыл өкмөттүн башкы бухгалтери тарабынан 2024-жылдын башына балансттык отчетко 1 200,7 миң сом дебитордук карыз калыбына келтирилген.

**Сунуштама:**

Аудит учурунда 1200,7 мин сом дебитордук карыз эсеп боюнча калыбына келтирилгени эске алынсын. Мындан ары, дебитордук карызды эсепке алууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобосунун талаптары аткарылсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутундусу**

Айыл өкмөтү тарабынан Кара-Дөбө суу пайдалануучулар ассоциáция коомдук бирикмесине, бетон лотокторду жасатуу жана аларды ташып келүү, орнотуу үчүн жергиликтүү бюджетин эсебинен жалпы 515,0 миң сом которулуп берилген.

Кара-Дөбө суу пайдалануучулар ассоциáция коомдук бирикмеси тарабанын айыл өкмөтүнө 511,3 миң сомго, материалдарды, күйүүчү майларды, ташып келип орнотуунун кызматына төлөгөндүгү тууралуу отчеттор берилген, ошону менен бирге **3,7 миң сомго** эч кандай тастыктоочу документер берилген эмес.

Аудит учурунда 3,7 миң сом айыл өкмөттүн бюджетине 2024-жылдын 8-майындагы №377500149 накталай төлөө квитанциясы аркылуу Кара-Дөбө СПАКБ тарабынан төгүлүп, ордуна коюлган.

**Сунуштама:**

Аудит учурунда 3,7 мин сом бюджеттин эсебине төгүлүп, ордуна коюлганы эске алынсын. Мындан ары, ТМБ эсептен чыгарууда Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бектилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптары так сакталсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө кортунду:**

Кыргыз Нафта ЖЧКна 2023-жылдын 29-декабрындагы №761 төлөө тапшырмасы менен жергиликтүү бюджеттин эсебинен КММ сатып алуу үчүн 104,7 миң сом которуп берген. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарын бузуу менен 2024-жылдын 1-январына карата баасы **104,7 миң сом** болгон КММ калдыгы**,** айыл өкмөтүнүн жылдык балансындагы 3-тиркемесинде калдык катары көрсөтүлбөстөн, негизсиз түздөн-түз Форма №2-отчеттунда накталай чыгымдарда чагылдырылып, эсепте калдык катары көрсөтүлгөн эмес. Аудит учурунда айыл өкмөтүн башкы бухгалтери тарабынан бухгалтердик

ондоп-түзөө жүгүртүүсү аткарылып, 104,7 мин сомго КММ калдыгы катары 2024-жылдын башына калдык катары отчеттук эсепке калыбына келтирилген.

**Сунуштама:**

Аудит учурунда айыл өкмөтүн башкы бухгалтери тарабынан бухгалтердик оңдоп-түзөө жүгүртүүсү аткарылып, 104,7 мин сомго КММ калдыгы катары 2024-жылдын башына калдык катары отчеттук эсепке калыбына келтирилгени эске алынсын. Мындан ары, ТМБ эсептен чыгарууда Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бектилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптары так сакталсын.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө кортунду:**

АЧЖМФнун жерлеринин ижара акысы боюнча 2023-жылдын башына карата дебитордук карыз 209,1 миң сомду тузгөн жана 177 ижарачы менен жалпы 4 515,4 миң сомго келишим түзүлгөн. 2023-жылга АЧЖМФнун жерлеринин план көрсөткүчү 3 516,0 миң сомго такталып бекитилген, же болбосо бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы негизсиз **1 208,5 миң сомго** төмөндөтүлгөн, жана бюджеттик жоготуулар болуп эсептелет.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөтүнүн жерлерин ижаралоо боюнча жана мүлк салыгы боюнча кирешелердин финансылык жылга план-болжолун ижара боюнча түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасын, ошондой эле өткөн жылдын аягына карата ижарачылардын дебитордук карыздарынын калдыгын эске алуу менен түзүлсүн.

**8. Критерийлерди бузуулар жөнүндө кортунду:**

2023-жылдын аягына АЧЖМФнун жерлеринин ижарачыларынын ижара акылары боюнча карыздын калдыгы 728,9 миң сомду түзгөн, жана жыл башына салыштырмалуу 519,8 миң сомго көбөйгөн.

**Сунуштама:**

АЧЖМФнун жерлеринин ижара акысы, анын ичинде айыптык санкциялар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор К. Абдыманапов.

**Кызыл-Дыйкан айыл өкмөтү**

2023-жылга бюджеттин кирешелер бөлүгү активдер, милдеттемелер жана трансферттер менен 14 991,5 миң сомго, жыл ичинде 20 567,8 миң сомго такталган, кирешенин түшүүсү 18 928,7 миң сомго камсыздалып, план 92,0% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 14 911,5 миң сомго бекитилген, 20 567,8 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 19 335,0 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 16 887,6 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Жыл ичинде киреше бюджеттин кээ бир булактары боюнча план аткарылган эмес.

**Сунуштама**:

Мындан ары, бюджеттин киреше булактары боюнча бекитилген планды толугу менен аткаруу боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгынын талаптарын бузуу менен, айыл өкмөтүнүн башчысынын 2023-жылдын 27-сентябрдагы №136 буйругунун негизинде, жериликтүү өз алдынча башкаруу органдрынын кызматтык күнүнө карата эмгек акы фондунун эсебинен (бирок эмгек акы фондунда каралбаган) кызматкерлерге **200,1 миң сом** сый акы төлөнүп берилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, эмгек акыларды эмгек акыларды эсептеп төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 "Кыргыз

Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын талаптары так сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 74-беренесин жана Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат ордуна кадрлардын резервинде турбаган 2 кызматкер кабыл алынган жана аларга **446,3 миң сом** эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фонд төлөмдөрү 65,6 миң сомду тузгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодекси жана Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамы жетекчиликке алынсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**

Кызыл-Дыйкан айыл өкмөтү дотациалык айыл өкмөттөрдүн тизимине кирет, жана республикалык бюджеттен теңдөөчүү грант алат. 2023-жылдын ичинде, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 51-беренесин бузуу менен, Кызыл-Дыйкан айылдык кенешинин 2023 жылдын 14-июлундагы №17 токтомуна ылайык, ветеринардык врач К. Келгенбаев менен 2023-жылдын 21-августунда №7 түзүлгөн келишимдин жана түзүлгөн актысынын негизинде, Кызыл-Дыйкан айыл аймагынын калкына ири мүйүздүү малын уруктандыруу үчүн жергиликтүү бюджеттин эсебинен **32,4 миң сом** төлөнүп берилген.

**Сунуштама**:

Мындан ары, жергиликтүү бюджеттен каржылоо жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин талаптары так сакталсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптарын бузуу менен, жылдын аягына карата **325,3 миң сомго** чарба материалдарын жана кеңсе товарлардын нормативден ашыкча запастары калган.

**Сунуштама**:

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары так сакталсын.

Чарба материалдары жана кеңсе товарлар боюнча 325,3 миң сомго нормативден ашыкча запастары кийинки жылга каржылоодо эсепке алынсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамын талаптарын бузуу менен, конкурс өткөрүлбөстөн **113,1 миң сомго** кызмат көрсөтүүлөр жана товарлар сатып алынган.

**Сунуштама**:

Мындан ары, мамлекеттик сатып алууларда конкурстук жол-жоболорду уюштуруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023 - жылдын 1-январына карата АЧЖМФнун жерлеринин ижара акысы боюнча дебитордук карызы 655,5 миң сомду түзгөн. 2023 - жылга ижара акы боюнча сумма 4 443,6 миң сомду түзгөн, жыл ичинде жалпы ижара төлөмү 3 456,4 миң сом түшүүсү камсыздалган,

же болбосо 2023-жылдын аягына карата АЧЖМФнун жерлери боюнча калган дебитордук карыз 1 642,7 миң сомго чейин өскөн.

**Сунуштама**:

АЧЖМФнун жерлеринин ижара акысы, анын ичинде айыптык санкциялар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жыл ичинде өз ара эсептешүү актысына ылайык "Таза Кызыл-Дыйкан" МИ эсебине аткарылган иштер үчүн 2 807,7 миң сом которулган. Жыл ичинде "Таза Кызыл-Дыйкан" МИ тарабынан 2 493,9 миң сомго иш аткарылган, ошону менен бирге 2023-жылдын аягына карата айыл өкмөттүн балансдык отчетунда"Таза кызыл-Дыйкан" МИнин **313,0 миң сом** дебитордук карызы көрсөтүлгөн эмес, же жашырылган.

**Сунуштама**:

"Таза Кызыл-Дыйкан" МИнын 313,0 миң сом дебитордук карызы тиешелүү бухгалтердик эсеп боюнча калыбына келтирилсин. Мындан ары, дебитордук карызды эсепке алууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобосунун талаптары аткарылсын.

**8. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте:

- "Петропавловка айылындагы ҮДТ көрктөндүрүү" объектиси боюнча подрядчы "Уста" ЖЧКсы тарабынан **17,3 миң сомго**;
- "Кызыл-Дыйкан айылындагы "Үркүн-916" эстелигинин сейил багын көрктөндүрүү" боюнча подрядчы "Спецмонтажгазстрой" ЖЧКсы тарабынан **21,4 миң сомго** жумуштардын наркынын жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган иштердин 38,7 миң сомго жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн, анын ичинде:

-"Петропавловка айылындагы ҮДТ көрктөндүрүү" объектиси боюнча подрядчы "Уста" ЖЧКсы тарабынан 17,3 миң сом;

-"Кызыл-Дыйкан айылындагы "Үркүн-916" эстелигинин сейил багын көрктөндүрүү" боюнча подрядчы "Спецмонтажгазстрой" ЖЧКсы тарабынан 21,4 миң сом.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Ж. Мейманалиев, А. Мусуралиев.

**"Таза Кызыл-Дыйкан" муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Кызыл-Дыйкан айыл өкмөтү)

2023-жылга кирешелер 3 337,4 миң сомду түзгөн, ал эми эсептен чыгарууга тийиштүү чыгашалар 3 018,7 миң сомду түзгөн, же болбосо 2023-жылдын жыйынтыгы менен пайда 5,7 миң сомго камсыздалган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесин бузуу менен, кызмат көрсөтүүлөрдүн баалары, жалданган кызматкерлердин жүк ташуучу унаалары менен шагыл ташуунун убактылуу тарифтери Кызыл-Дыйкан айылдык кенеш тарабынан бекитилген эмес.

**Сунуштама**:

Мындан ары, кызмат көрсөтүүлөрдүн бааларын бекитүүдө, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылы, Айыл өкмөтү бекиткен штаттык ырааттаманы бузуу менен, штаттык ырааттамада жана чыгымдардын сметасында каралбаган, эмгек келишимдин негизинде каражаттарды жыйноо боюнча негизсиз 1 штаттык бирдик киргизилген, жага ага 2023-жылы

**75,9 миң сом** эмгек акы эсептелген**,** анын ичинде Социалдык фонд төгүмдөрү 11,2 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**:

Мындан ары, кызматкерлерди кабыл алууда Айыл өкмөтү бекиткен штаттык ырааттаманын жана жана чыгымдардын сметасынын талаптары так сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-мартындагы №166/51-6 "Кыргыз Республикасында накталай төлөмдөрсүз жана эсептешүүлөрсүз үлүштү көбөйтүү боюнча 2018-2022-жылдарга Мамлекеттик программаны бекитүү жөнүндө (үчүнчү этап)" токтомунун 9-пунктун бузуу менен, калкка көрсөтүлгөн кызматтар үчүн квитанциялардын негизинде накталай формада төлөмдөр кабыл алынган.

**Сунуштама**:

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-мартындагы №166/51-6 "Кыргыз Республикасында накталай төлөмдөрсүз жана эсептешүүлөрсүз үлүштү көбөйтүү боюнча 2018-2022-жылдарга (үчүнчү этап) мамлекеттик программаны бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык, накталай эмес төлөмдөрдө ар кандай формаларды жана инструменттерди колдонуу менен кызмат көрсөтүүлөр үчүн үзгүлтүксүз төлөмдөрдү төлөө мүмкүнчүлүгү камсыз кылынсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген Типтүү тартипти бузуу менен, **1 930,2 миң сом**го, конкурс өткөзүлбөстөн юридикалык жана жеке жактардан кызматтар сатылып алынган.

**Сунуштама**:

Мындан ары, товардык материалдык баалуулуктарды жана кызматтарды сатып алуулар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун Типтүү тартибинин талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Ж. Мейманалиев.

**Полтавка айыл өкмөтү**

2023-жылга бюджеттин кирешелер бөлүгү активдер, милдеттемелер жана трансферттер менен 19 063,7 миң сомго, жыл ичинде 31 246,9 миң сомго тактaлган, кирешенин түшүүсү 27 801,6миң сомго камсыздалып, план 89,0% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 19 063,7 миң сомго бекитилген, 33 836,6 миң сомго тактaлган, кассалык чыгымдар 28 407,9 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 18 490,3 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылы АЧЖМФнун жерлеринин жана айыл өкмөтүнө караштуу жерлерин ижара акысын кошкондо (жылдын башына дебитордук карызды эске алганда) 19 482,8 миң сомду түзгөн, ошону менен бирге аталган киреше булактары боюнча 2023-жылга тактaлган план 17 244,6 миң сомго бекитилген, же болбосо же болбосо бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы негизсиз **2 268,2 миң сомго** төмөндөтүлгөн, жана бюджеттик жоготуулар болуп эсептелет.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөтүнө тийиштүү жерлерин ижаралоо боюнча жана мүлк салыгы боюнча кирешелердин финансылык жылга план-болжолун ижара боюнча түзүлгөн келишимдердин

жалпы суммасын, ошондой эле өткөн жылдын аягына карата ижарачылардын дебитордук карыздарынын калдыгын эске алуу менен түзүлсүн.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Жыл ичинде киреше бюджеттин кээ бир булактары боюнча план аткарылган эмес.

**Сунуштама**:

Мындан ары, бюджеттин киреше булактары боюнча бекитилген планды толугу менен аткаруу боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

3. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгынын талаптарын бузуу менен, айыл өкмөтүнүн башчысынын буйруктарынын негизинде, ар кандай компенсация катары эмгек акы фондунун эсебинен (бирок эмгек акы фондунда каралбаган) кызматкерлерге **532,0 миң сом** төлөнүп берилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, эмгек акыларды эмгек акыларды эсептеп төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгынын талаптары так сакталсын.

4. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 74-беренесин Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, кадрлар резервинде турбаган 1 жаран айыл өкмөтүнүн вакансия орундарына негизсиз ишке алынып, ага **141,2 миң сом** эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фонд төлөмдөрү 79,9 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодекси жана Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамы жетекчиликке алынсын.

5. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Полтавка айыл өкмөттүн кеңешинин 2022-жылдын 27-сентябрындагы №3/22 токтомунун негизинде "Баластан" балдардын мектепке чейинки мекемесине бир балага бир күнгө тамак-аш үчүн 80 сом ченем бекитилген. Иш жүзүндө, аталган токтомду бузуу менен, үчүн жыл ичинде **21,2 миң сомго** ченемден ашыкча тамак аш коротулган. Финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы Г.Касманкулованын түшүндүрмөсү боюнча бала-бакчаларга тамак-ашка ашыкча каржыланышы азык-түлүктүн 2023-жыл ичинде кымбатталышы менен байланыштуу деп түшүндүрлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары балдар бакчасында тамак-ашты коротуу айыл кеңеш бекитип берген норманын негизинде аткарылсын. Норманы бекиткен мезгилден бүгүнкү күнгө чейин тамак-аштын кымбаттаганына байлныштуу, айыл кеңешке норманы көбөйтүп берүү жөнүндө маселе көтөрүлсүн.

6. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**:

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын талаптарын бузуу менен, кийинки жылдагы каржылоодо эсепке алынууга тийиш **309,4 миң сомдук** дебитордук карыздардын калдыгы эсепте калган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, дебитордук карыздардын калдыктарынын ашыкча болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694

токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Нускаманын талаптары так сакталсын.

Дебитордук карыз боюнча жылдын аягына карата 309,4 миң сомго калдыгы кийинки жылга каржылоодо эсепке алынсын.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын талаптарын бузуу менен, конкурс өткөрүлбөстөн, конкурстук документтер электрондук веб-порталда жайгаштырылбастан, **352,0 миң сомго** кызматтык көрсөтүүлөр жана товарлар алынган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, мамлекеттик сатып алууларда конкурстук жол-жоболорду уюштуруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

**8. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

АЧЖМФнун жерлери боюнча 2023 - жылдын 1-январына карата ижара акы төлөмүнүн дебитордук карызы 2 663,4 миң сом эсепте болгон, 2023 жылдын аралыгында келишдердин ижара акыларынын суммасы 16 734,5 миң сомду түзгөн, жыл ичинде жалпы ижара төлөмү 11485,9 миң сомго камсыздалып, жылдын аягына карата АЧЖМФнун жерлеринин ижара акылары боюнча калган дебитордук карыз 7 894,2 миң сомго чейин өскөн, жана жылдын башына салыштырмалуу 5 230,9 миң сомго көбөйгөн.

**Сунуштама:**

АЧЖМФнун жерлеринин ижара акысы, анын ичинде айыптык санкциялар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**9. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Айылдык кеңештин сессиясынын отурумунун 2022-жылдын 14-мартындагы № 8 "Акча каражаттарын бөлүп берүү жөнүндө" токтомуна ылайык жана айыл өкмөтүнүн 2022 жылдын 14-мартындагы № 11 буйругу менен "2022-жылдын 14-мартынан тартып № 12 насыя келишими боюнча 150,0 миң сом "Полтавка" муниципалдык ишканасына 2022-жылдын 31 декабрына чейин кайтарылып берилсин" деген шарт менен **150,0 миң сом** каржыланган. Бирок аудит күнү жогоруда көрсөтүлгөн сумма кайтарылып берилген эмес. Ошондой эле, келишимдин 3.1-пунктуна ылайык 0,1% өлчөмүндө кечиктирилген ар бир күн үчүн туум каралган, жана аудиттин жүрүшүндө - **54,7 миң сомго** туум чегерилген.

**Сунуштама:**

Полтавка айыл өкмөтүнө "Полтавка" муниципалдык ишканасынан жалпы суммасы 204,7 миң сом насыя жана кошуп эсептелген туумдун калган суммасы талап кылынсын.

**10. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду**:

Өз ара эсептешүү актысына ылайык жеке ишкер А. Сандалованын эсебине 2022 жылдын аягында **169,6 миң сом** алдын ала азык-түлүк сатып алууга которулган, жана 2022-жылдын аягына карата А.Сандалова карыз болуп калган. Аудит жүргөн мезгилге чейин А.Сандалова айыл өкмөттүн дарегине тамак-аш жеткизилгбегенине карабастан, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарын бузуу менен, 2023-жылдын аягына чейин бухгалтердик баланс жана тиркемелер боюнча дебитордук карыз көрсөтүлгөн эмес, же жашырылган. Аудит жүрүп жаткан мезгилде, А.Сандалованын 169,6 миң сомго дебитордук карызы айыл өкмөттүн бухгалтердик эсеп-кысаптын тийиштүү счетторунда чагылдырылып, калыбына келтирилген.

**Сунуштама**:

Аудит жүрүп жаткан мезгилде, А.Сандалованын 169,6 миң сомго дебитордук карызы айыл өкмөттүн бухгалтердик эсеп-кысаптын тийиштүү счетторунда чагылдырылып, калыбына келтирилгени эске алынсын. Мындан ары, дебитордук карызды эсепке алууда

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобосунун талаптары аткарылсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Ж. Мейманалиев.

**"Полтавка" муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Полтавка айыл өкмөтү)

2023 – жылы кирешелер 2 201,3 миң сомго аткарылса, эсептен чыгарууга тиешелүү чыгашалар 2 080,3 миң сомду түзгөн, же болбосо 2023-жылдын жыйынтыгы менен баланстык пайда 121,0 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун" Типтүү тартибин бузуу менен, **678,9 миң сомго** юридикалык жана жеке жактарга көрсөтүлгөн кызматтар жана иштер конкурстар өткөзүлбөстөн сатылып алынган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана ашык пайызы малекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун Типтүү тартибинин, ички сатып алуу тартибин иштелип чыгуу боюнча, жана ТМБ сатып алуу боюнча талаптары аткарылуусу камсыздалсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Ж. Мейманалиев.

**Сары-Булак айыл өкмөтү**

2023-жылга бюджеттин кирешелер бөлүгү активдер, милдеттемелер жана трансферттер менен 9 282,8 миң сомго бектилген, жыл ичинде 13 972,9 миң сомго такталган, кирешенин түшүүсү 14 354,9 миң сомго камсыздалып, план 102,7% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 9 282,8 миң сомго бекитилген, 12 302,2 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 10 970,6 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 10 808,7 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 163-беренесинин талаптарын бузуу менен, статист Г.Сыдыкбекованын эмгек акысынан **1,5 миң сом** ашыкча кармалгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, айлык акылардан киреше салыгын кармоодо Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин талаптары так аткарылсын, жана негизсиз ашыкча кармалган 1,5 миң сом киреше салыгы Г.Сыдыкбековага төлөнүп берилсин.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарын бузуу менен жолдом баракчалары толук толтурулбай, жол баракчаларын каттоо жол баракчаларын эсепке алуу журналында жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама**:

Мындан ары, автоунааларды эксплуатациялоодо, Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу

жана жүргүзүү боюнча” Жобонун жолдомо баракчалары боюнча коюлган талаптары так сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылы Сары – Булак бала бакчасына тамак – аш жектизүүчүлөр тарабынан 481,9 миң сомго тамак-аш жеткизилген, бирок Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарын бузуу менен, Сары-Булак айыл өкмөтү тарабынан бухгалтердик эсеп-кысаптын тийиштүү эсептеринде тамак-аш 467,9 миң сомго чагылдырылып 14,0 миң сомго аз кириштелген, жана 14,0 миң сомго тамак – аш азыктары 2024 – жылдын январь айында кана кириштелген.

**Сунуштама**

Мындан ары, ТМБ бухгалтердик эсеп-кысапта кириштөө, Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бектилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен бекитилген «Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу” Типтүү жобосунун 80-пунктун бузуу менен, ижарачылар менен түзүлгөн келишимдер райондук мамлекеттик кыймылсыз мүлктөрдү каттоо кызматында каттодон өткөн эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен бекитилген “Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу” Типтүү жобосунун 80-пунктуна ылайык АЧЖМФнун жерлерин ижаралоо келишимдери кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте:

"Сары-Булак айылындагы ирригациялык системаны орнотуу" объектиси боюнча подрядчы "Парусник" ЖЧКсы тарабынан **285,7 миң сом** суммасындагы жумуштардын наркынын жогорулатылгандыгы аныкталган. Бул сумма аткарылган иштердин актысына КНС 12% суммасын негизсиз киргизүүнүн эсебинен аныкталган. Бирок, подрядчы "Парусник" ЖЧКсы КНС төлөөчү эмес.

Мындан тышкары, подрядчы "Парусник" ЖЧКсына 2022-жылдын 16-июнундагы №17 келишимдин 11.1-пунктунун шарттарын (келишим боюнча аткаруу мөөнөтү 2 ай, жумуштар 2023-жылдын сентябрында аткарылган) аткарбагандыгы үчүн **158,1 миң сомго** үстөк айып эсептелген.

**Сунуштама:**

"Сары-Булак айылында ирригациялык системаны орнотуу" объектиси боюнча подрядчы "Парусник" ЖЧКсы тарабынан иштердин жогорулатылган наркы 285,7 миң сом суммасында, мындан тышкары 158,1 миң сом суммасындагы үстөк айыпты (неустойка) өндүрүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор А. Омурсаков, А. Мусуралиев.

**Сары-Коо айыл өкмөтү**

2023-жылга бюджеттин кирешелер бөлүгү активдер, милдеттемелер жана трансферттер менен 22 125,5 миң сомго бектилген, жыл ичинде 30 032,9 миң сомго такталган, кирешенин түшүүсү 30 234,8 миң сомго камсыздалып, план 100,7% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 22 125,5 миң сомго бекитилген, 34 316,9 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 27 337,4 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 19 831,0 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 74-беренесин Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, кадрлар резервинде турбаган жарандар айыл өкмөтүнүн вакансия орундарына негизсиз ишке алынып, аларга **302,2 миң сом** эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фонд төлөмдөрү 44,5 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бош кызмат орундарына кызматкерлерди кабыл алууда, Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодекси жана Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамы жетекчиликке алынсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

АЧЖМФнун жерлери боюнча 2023-жылга 111 келишимдердин негизинде ижарачылар тиешелүү 1388,2 га жерлерди пайдаланып келген, жана ижара акылардын жалпы суммасы 8322,0 миң сомду түзгөн. Жыл ичинде мурдагы карыздарды эсепке алуу менен 8 970,0 миң сом төлөнгөн, жана 2023-жылдын аягына карата арендаторлордун карызы 1 550,0 миң сомду түзүп, жыл башына салыштырмалуу 161,8 миң сомго көбөйгөн.

**Сунуштама:**

АЧЖМФнун жерлеринин ижара акысы, анын ичинде айыптык санкциялар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте:

- "Жон-Арык айылында Сатыбалдиев атындагы мектептин жылуулук трассаларын жана жылытуу системаларын оңдоо жана алмаштыруу" объектиси боюнча **15,0 миң сомго**;
- "Эриктуу айылы Центральная көчөсү 75 ФАПтын кире беришин оңдоо" боюнча **6,4 миң сомго** жумуштардын наркы жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган иштердин жогорулатылган наркын өндүрүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн, анын ичинде:

- "Жон-Арык айылында Сатыбалдиев атындагы мектептин жылуулук трассаларын жана жылытуу системаларын оңдоо жана алмаштыруу" объектиси боюнча 15,0 миң сом;
- "Эриктуу айылы Центральная көчөсү 75 ФАПтын кире беришин оңдоо" боюнча 6,4 миң сом.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор А. Рысалиев, А. Мусуралиев.

**Сосновка айыл өкмөтү**

2023-жылга бюджеттин кирешелер бөлүгү активдер, милдеттемелер жана трансферттер менен 16 184,0 миң сомго бектилген, жыл ичинде 17 140,8 миң сомго такталган, кирешенин түшүүсү 17 346,9 миң сомго камсыздалып, план 101,2% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 16 184,0 миң сомго бекитилген, 18 087,8 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 17 897,7 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 15 157,6 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө кортунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманы бузуу менен, жылдын аягына карата **344,9 миң сомго** көмүрдүн нормативден ашыкча запастары калган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык

баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптары так сакталсын.

Көмүр боюнча 344,9 миң сомго нормативден ашыкча запастары кийинки жылга каржылоодо эсепке алынсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө кортунду:**

"Сосновка айылындагы таштанды полигонунун сетка тосмолорун орнотуу” боюнча подрядчы "Кожобай Курулуш" ЖЧКсы тарабынан 1 020,1 миң сомго жумуштар аткарылган. Подрядчынын жоктугунан контролдук өлчөө жүргүзүлгөн эмес, айыл өкмөтү тарабынан катыштыруу камсыз кылынган эмес. Аткарылган иштердин актылары боюнча аудиттин жыйынтыгында **28,7 миң сомго** жумуштардын наркынын жогорулатылгандыгы, тактап айтканда материалдарды эсептен чыгаруу ченемин туура эмес колдонуунун эсебинен аныкталган.

**Сунуштама**:

Аудитте аныкталган “Сосновка айылындагы таштанды полигонунун тор тосмолорун орнотуу" объектиси боюнча подрядчы "Кожобай Курулуш" ЖЧКсы тарабынан 28,7 миң сом иштердин жогорулатылган наркын өндүрүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө кортунду:**

**Дем берүүчү гранттарды өздөштүрүү** боюнча аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте:

“Сосновка айылындагы сугат каналдарынын темир бетон лотокторун орнотуу" объектиси боюнча подрядчы "ЛОИ" ЖЧКсы тарабынан жумуштардын наркынын **19,2 миң сомго** жогорулатылгандыгы, тактап айтканда материалдарды кымбаттатуу беренеси боюнча курулуш материалдарынын нормаларын туура эмес эсептен чыгаруунун эсебинен аныкталган.

**Сунуштама**:

“Сосновка айылындагы сугат каналдарынын темир бетон лотокторун орнотуу" объектиси боюнча подрядчы "ЛОИ"ЖЧКсы тарабынан 19,2 миң сомго иштердин жогорулатылган наркын өндүрүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Ш. Кеңешов, А. Мусуралиев.

**«Таза Сосновка» муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Сосновка айыл өкөтү)

2023-жылга киреше жана чыгыша бөлүгүнүн сметасы 2 000,0 миң сомго бекитилген. Киреше бөлүгүнө жалпысынан 1 087,0 миң сом түшкөн, анын ичинен: Сосновка айыл өкмөтү тарабынан 358,0 миң сомго каржыланган, ошондой эле таштандыларды чыгаруу жана калкты ичүүчү суу менен камсыз кылуу үчүн баардыгы 729,1 миң сом түшкөн.

Ишкананын чыгаша бөлүгү жалпысынан 1 408,6 миң сомго аткарылган, же болбосо 2023-жылдын жыйынтыгы менен Ишкана 321,6 миң сомго зыян тартакн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылы, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 199-беренесин бузуу менен эмгек акынын эсебинен кармалган **40,8 миң сомго** киреше салыгы, жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптарын бузуу менен **104,5 миң сомго** социалдык төлөмдөрү тиешелүү бюджеттерге которулган эмес, ошондой эле профсоюздук төгүмдөр боюнча 10,8 миң сомго эсептешүүлөр болгон эмес.

**Сунуштама:**

2023-жылы эмгек акынын эсебинен кармалган 40,8 миң сомго киреше салыгы жана 104,5 миң сомго Социалдык фонд төлөмдөрдү тиешелүү бюджеттерге которулсун. Мындан ары салык жана социалдык төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптарына ылайык тиешелүү бюджеттерге убагында которулуп турсун.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Ш. Кеңешов.

**Степное айыл өкмөтү**

2023-жылга бюджеттин кирешелер бөлүгү активдер, милдеттемелер жана трансферттер менен 9 390,7 миң сомго бектилген, жыл ичинде 13 459,5 миң сомго такталган, кирешенин түшүүсү 12 593,5 миң сомго камсыздалып, план 93,6% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 9 390,7 миң сомго бекитилген, 14 364,4 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 12 316,1 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 12 118,9 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2023-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү **390,0 миң сом** ижара акылары боюнча дебитордук карыз эске алынбай түзүлүп АЧЖМФнун жерлеринин боюнча бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолдуу планы негизсиз төмөндөтүлгөн, жана бюджеттик жоготуулар болуп эсептелет.

**Сунуштама:**

Айыл өкмөтүнүн жерлерин ижарага берүү жана мүлк салыгы боюнча кирешелердин финансылык жылга план-болжолун ижара боюнча түзүлгөн келишимдердин жалпы суммасын, ошондой эле өткөн жылдын аягына карата ижарачылардын дебитордук карыздарынын калдыгын эске алуу менен түзүлсүн.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын 24-августундагы №106-р буйругунун негизинде Түп районунда селден жабыркагандарга жардам катары, кызматкерлердин эмгек акысынан Түп райондук мамлекеттик администрациясынын эсебине, 3,8 миң сом которулган.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарын бузуу менен **3,8 миң сом** кызматкерлердин эмгек акыларынан кармалган эмес.

**Сунуштама:**

Жардам катары которулган 3,8 миң сом кызаткерлердин эмгек акысынан кармалсын.

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бектилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптары так сакталсын.

**4.Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарын бузуу менен жолдом баракчалары толук толтурулбай, жол баракчаларын каттоо жол баракчаларын эсепке алуу журналында жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама**:

Мындан ары, автоунааларды эксплуатациялоодо, Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун жолдомо баракчалары боюнча коюлган талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор А. Омурсаков.

**«Таза Степное» муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Степное айыл өкмөтү)

2023 - жылы акча каражаттардын жүргүзүү жөнүндө отчеттун маалыматтары боюнча тейлөөлөрдөн жана кызмат көрсөтүүлөрдөн 402,3 миң сом киреше түшкөн, операциялык ишмердүүлүктүн (суу түтүктөрүн оңдоо жана башка чыгымдар) чыгымдары 435,9 миң сомду түзгөн, же болбосо 2023-жылдын жыйынтыгы менен Ишкана 33,6 сомдго зыян тарткан.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө» Мыйзамы жана  Кыргыз Республикаснын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 токтому менен бекитилген Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө Нускаманын талаптарын бузуу менен Ишкана тарабынан эмгек акылардан социалдык төлөмдөр **15,9 миң сом** (17,25%) чегерилип бирок Социалдык фондго төлөнгөн эмес.

**Сунуштама:**

Ишкана тарабынан эмгек акылардан 15,9 миң сомго кармалган социалдык төлөмдөр тиешелүү бюджетке которулсун. Мындан ары Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жөнүндө» Мыйзамы жана  Кыргыз Республикаснын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 токтому менен бекитилген Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө Нускаманын талаптары так сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикаснын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы № 609 токтому менен бекитилген “Чакан ишкердик субъекттеринин бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жүргүзүүсүнүн” Эрежелерин талаптарын бузуу менен бирдиктүү салык декларациясында 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча кирешелерди **32,4 миң сомго** аз көрсөтүлгөн (декларацияда 369,8 миң сом көрсөтүлгөн, иш-жүзүндө түшкөн каражат 402,3 миң сомду түзгөн).

**Сунуштама**:

“Таза Степное” МИ жетекчилиги, 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча бирдиктүү салык декларациясын тактап-оңдоолор менен 32,4 миң сомго таза кирешени киргизүү боюнча тийиштүү өзгөртүүлөрдүн аткарылышы камсыздалсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор А. Омурсаков.

**Суусамыр айыл өкмөтү**

2023-жылга бюджеттин кирешелер бөлүгү активдер, милдеттемелер жана трансферттер менен 32 883,2 миң сомго бектилген, жыл ичинде 38 038,7 миң сомго такталган, кирешенин түшүүсү 38038,6 миң сомго камсыздалып, план 93,6% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 32 883,2 миң сомго бекитилген, 41 229,4 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 35 023,4 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 27 936,6 миң сомду түзгөн.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес, тактап айтканда 263,0 миң сомго жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелердин 1/3 бөлүгү жергиликтүү бюджеттин кирешесине которулган эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Мындан ары, жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын талаптары так аткарылсын. 263,0 миң сомду калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн (жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн алынган кирешелердин 1/3 бөлүгү жергиликтүү бюджеттин кирешесине которулсун).

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектордун м.а. Б. Давлетбаев.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттерде төмөндө көрсөтүлгөн объекттердин бюджеттеринин түзүлүшү жана аткарылышы бардык олуттуу аспектилерде аудиттин тиешелүү критерийлерине шайкеш келгендиги аныкталды:

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Жайыл финансы башкармалыгы**

2023-жылдын башында смета боюнча республикалык бюджеттен 5151,0 миң сом бекитилген. Жыл ичиндеги өзгөртүүлөр менен смета чыгымдары 7736,9 миң сомго такталган. Кассалык чыгымдар 7562,7 миң сомду түзсө, фактылай чыгаша 6957,8 миң сомду түзгөн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Ш. Кеңешов.

**«Достук» муниципалдык ишкансы** (уюштуруучусу Суусамыр айыл өкмөтү)

2023-жылга операциялык ишмердүүлүктөн негизги киреше 592,7 миң сомду түзгөн, жалпы административдик чыгашалар 587,4 миң сомго жүргүзүлгөн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектордун м.а. Б.Давлетбаев.

**Талды – Булак айыл өкмөтү**

2023-жылга бюджеттин кирешелер бөлүгү активдер, милдеттемелер жана трансферттер менен 7 884,9 миң сомго бектилген, жыл ичинде 10 672,6 миң сомго такталган, кирешенин түшүүсү 11 714,0 миң сомго камсыздалып, план 104,0% аткарылган.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 7 884,9 миң сомго бекитилген, 14 495,6 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 13 333,4 миң сомду түзсө, накталай чыгымдар 10 741,0 миң сомду түзгөн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Ж. Карабаев.

**“Таза Талды-Булак” муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Талды-Булак айыл өкмөтү)

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча түзүлгөн “Бирдиктүү салык декларациясында” көрсөтүлгөндөй иш жүзүндө киреше 808,2 мин сомду түзгөн, чыгымдардын өздүк наркы (себестоимость) 808,2 миң сомду түзгөн, жылдын жыйынтыгы боюнча ишкана зыян менен пайдасы жок чыккан.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Ж. Карабаев.

**“Тазалык Сары - Булак” муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Сары-Булак айыл өкмөтү)

Берилген маалымат боюнча “Тазалык Сары - Булак” муниципалдык ишканасынын 2023 - жылга киреше бөлүгүнө жалпысынан 401,1 миң сом түшкөн, ошону менен бирге, Ишкана тарабынан түшкөн пайда жана зыян жөнүндө тийиштүү жылдык отчеттор түзүлгөн эмес, жана жергиликтүү салык органдарына тапшырылган эмес.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор А. Омурсаков.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын**
**Бишкек шаары, Чүй жана Талас**
**областтары боюнча аймактык**
**бөлүмүнүн жетекчиси** **М.М. Калмуратов**